# Саиддин кутучасы




Автор: Анупама Ажинкья

Сүрөтчү: Анупама Ажинкья Апте

Которгон жана адаптациялаган: Айсулуу Койчубек кызы

# Саиддин кутучасы

Автор: Анупама Ажинкья
Сүрөтчү: Анупама Ажинкья Апте
Которгон жана адаптациялаган: Айсулуу Койчубек кызы

Pratham Books

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021


Copyright © 2020, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*Gulli's Box of Things* түп нусканын негизинде, Copyright © 2012, Pratham Books. CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан.
"Саиддын кутучасы" (кыргыз тилинде), Айсулуу Койчубек кызы тарабынан которулуп адаптацияланган. Gulli's Box of Things (англисче) чыгарманын негизинде, автору Anupama Ajinkya Apte, сүрөтчүсү Anupama Ajinkya Apte, Pratham Books © 2012 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/486-gulli-s-box-of-things

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Саид – эч кимден жардамын аябаган, элге сый мамиле кылган үлгүлүү бала. Бир күнү Саид жолдо кетип баратып, сейил бакта гезит окуганга көзү жетпей, капаланып отурган карыяны көрдү:

– Чоң ата, сизге эмне болду? Капалуу көрүнөсүз! Гезит окуй албай жатасызбы?

– Ээ, балам! Мен көз айнегимди жакында сындырып алып, эч нерсе окуй албай жатам, – деди карыя.


– Чоң ата, капаланбаңыз, сиз күтүп туруңуз. Мен азыр келем, – деген бойдон Саид үйүнө буту үзүлгөнчө чуркап кетти.



Үйүндөгү күрөң кутусун калдыратып, ичин карай баштады.



Кутудан чоң, калың лупа алып чыгып, карыянын жанына жөнөдү.



– Чоң ата, чоң ата! Сиз бул лупа менен бардык кичинекей нерселерди көрүп, каалаган жазууңузду окуй аласыз, – деп карыяга сунду.

– Ии, берекем! Чоң рахмат! Мына, майда жазууларды да көрө баштадым, – деп, карыянын кубанычы койнуна батпады.



Саид карыяга жардам бергенине сүйүнүп үйүнө бет алды. Үйүнө кирип, ашканада катуу ойго баткан Назар байкесин көрдү:

– Байке, сизге эмне болду?

– Э-эх, Саид, казандагы майды бөтөлкөгө куюш керек. Бирок бөтөлкөнүн оозу аябай кичинекей экен. Майды төгүп аламбы деп коркуп жатам.

– Капаланбаңыз, Назар байке! Эгер уруксат берсеңиз, мен бир жолун табайын? – деген бойдон Саид кутусун көздөй чуркады.



Кутусуна колун салды.

Достор, Саид эмне тапты деп ойлойсуңар? Келгиле, чогуу көрөлү.




– Куйгуч табат. Куйгучтун оозу кең. Түп жагындагы кууш оюгун бөтөлкөнүн оозуна салып, майды эч төкпөй куйса болот. Назар байкесине келип, мындай деди:



– Байке, куйгуч – сонун буюм. Эми майыңызды куюштура берсеңиз болот.

– Жардамың үчүн чоң ыракмат, Саид! – деп кыңылдап ырдап, Назар майды куя баштайт.



Саид күрөң кутусу бар экенине сүйүнүп, бөлмөсүнө баратса, кошуна бөлмөдө чоң энеси бир нерсе издеп жатыптыр.

– Чоң эне, эмне издеп жатасыз?

– Чоң атаңдын калпагын тигип коёюн деп, азыр эле тиземе койгон ийнемди таппай калдым.


– Сиз отура туруңуз, мен азыр күрөң кутуман сизге ылайыктуу бир нерсе таап келем, – деген бойдон чуркап кетти.



Силердин оюңарча, Саид эмне тапты?

Магнит! Бардык майда металл буюмдар магнитке жабышат.

Саид магнитти алып келди.




– Чоң эне, азыр сиздин ийнеңизди таап берем.

Саид магнит менен жер сыйпалап, чоң энесинин ийнесин жана көптөн бери издеп жүргөн майда темир буюмдарын таап берди. Аны көргөн чоң энеси абдан сүйүнүп:

– Балам, сен ушунчалык акылдуу экенсиң! Чын эле сенин күрөң кутучаң сыйкырдуу турбайбы! Сага ыраазымын! – деп небересине бата берди.

Баарыбыз жардам бергенге шашкан, улууларды урматтаган, ата-энебизге кайрымдуу балдардан бололу!

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Анупама Ажинкья
Сүрөтчү: Анупама Ажинкья Апте
Которгон жана адаптациялаган:
Айсулуу Койчубек кызы

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- **4.1 деңгээли**
- 4.2 деңгээли